Кырг.
2021-55

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.АЛТЫМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ, УКУК жана
СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.09.19.591 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

**УДК:77:7.01(575.2)(04)**

**ТОКОЕВА ЖУМАБУБУ ТОКТОСУНОВНА**

# КЫРГЫЗ КИНЕМАТОГРАФЫ КӨРКӨМ МАДАНИЯТЫНЫН ФЕНОМЕНИ КАТАРЫ
**(кыргыз көрком тасмалардын мисалында)**

**24.00.01 – маданияттын тарыхы жана теориясы**

Маданият тануу илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК - 2021**

Диссертациялык иш А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунда маданият таануу жана искусство таануу бөлүмүндө аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Уметалиева Чинар Темиркул кызы**<br>маданият таануу илиминин доктору,<br>КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун маданият жана искусство таануу бөлүмүнүн башчысы, профессор. |
| **Расмий оппоненттер:** | **Прыткова Людмила Александровна**<br>Т.С.Садыков атындагыУлуттук көрком академиянын гуманитардык илимдер кафедрасынын профессору, маданият таануу илиминин доктору.<br>**Усенова Нургул Эсенамановна**<br>маданият таануу илиминин кандидаты, доцент. |
| **Жетектоочү мекеме:** | Кыргыз Улуттук университетинин философия жана маданияттын тарыхы, теориясы кафедрасы. Дареги: 720020 Бишкек шаары, Манас көчөсү, 101. |

Диссертациялык иш 2021 жылдын 23 апрелинде саат 12.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук(кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д. 09. 19. 591 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

**Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.**

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынынБорбордук илимий китепканасында (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а), андан тышкары К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик университетинин китепканасында (Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси 27) жана Диссертациялык кеңештин сайтында таанышууга болот www.fil.kg. Коргоонун паролу: 256-о59-5631.

Автореферат 23 мартта 2021 жылы жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты:** **Асанов Ж.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Таң каларлык техникалык жетишкендиктер доорунун жемиши катары кинематограф адамзат коомунда өзүнүн татыктуу ордуна ээ болду. Адамзат психологиясынын тереңине жана тарыхый процесстердин маңызына сүңгүп кирүү аракетине ылайык XXI кылымда ага тең боло турган бир да искусство болгон жок. Ошондуктан дүйнөлүк кинонун этаптарын жана өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу изилдөө ар дайым актуалдуулукка ээ, анткени киноискусствонун калктын кеңири катмарларына тийгизген таасири масштабдуу. Бул искусствонун көптөгөн түрлөрүнүн бирдиктүү иш-аракеттеринин концепциясын конкреттештирип, тереңдетүүгө, салттар менен новаторлуктун өзгөчөлүгүнүн маңызын, кинонун өнүгүүсүндөгү улуттук жана башка факторлордун диалектикалык өз ара байланыштарын иликтөөгө шарт түзөт.

Изилдөөнүн актуалдуулугу кино искусстволор арасында эң жаш искусство катары көпкылымдуу көркөм маданият менен тыкыз байланышып, адабияттын, тарыхтын, диндин тажырыйбасын жана салттарын мурастайт жана трасляциялайт. Кинонун чагылдыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшү жана байышы бул искусствонун түрү көрүүчүлөрдүн аң-сезимине тез жана курч таасир берүүсүн камсыздап, көрөрмандарда ар кандай образдардын, идеалдардын, ой-тутумдардын калыптануусуна шарт түзөт.

Көркөм маданият системасында кинону изилдөө киноискусствого болгон комплекстүү мамиле кылууну да чечүүгө өбөлгө түзөт. Көркөм маданияттын курамдык бөлүгү болгон кино, бүтүн динамикалык система катары өзүнө тийиштүү жалпылыктарды камтып, элементтери ар дайым диалектикалык аракеттенүүдө болот. Ошол эле учурда кинематограф искусствонун специфкалык түрү катары өз алдынчалуулукка ээ жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү бар.

Кинематографтын 120 жылдан ашуун тарыхы бар. Бул кыска убакыт аралыгында ал техникалык аттракциондон үнү жок киного, XX кылымдын башында добуштук фильмден түстүү жана стереофондук киного чейинки жолду басып өттү. Орус киносу XX кылымдын башында эле пайда болгон. Октябрь революциясынан жана Совет бийлигинин орношунан кийин кинематограф союздук республикаларда пайда болгон. Өткөн кылымдын 50-60-жылдарында СССРде, Орто Азия республикаларында,

анын ичинде Кыргызстанда дагы улуттук кинематограф калыптана баштаган. Убакыттын өтүшү менен республикада бир катар кино чеберлеринин (режиссерлордун, актерлордун, операторлордун) чыгармачылыгына, андан тышкары кыргыз киноискусствосунун калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөөлөрүнө арналган эмгектер пайда болгон.

Кыргыз киносунун тарыхы башка республикалардагы кинематографиялык мектептер сыяктуу эле өзүнүн калыптануусунун бардык этаптарын басып өткөн. Кыргыз чеберлеринин чыгармаларында элдин жашоосунун кеңири панорамасы, анын тарыхый жана социалдык факторлорунун динамикасы чагылдырылган. Кыргыз кинематографынын калыптануусу жана өнүгүүсү кыргыздардын жогорку деңгээлде өнүккөн оозеки, көркөм жана музыкалык фольклорунун эпикалык салттары менен тыгыз байланышта болгон. Кыргыз киносунун эң мыкты чыгармаларында, бир жагынан, улуттук тарых менен маданияттын катмарлары, экинчи жагынан, орус, советтик жана дүйнөлүк кинематографтын заманбап көркөм ыкмалары калыпка салынган.

Кыргыз киноискусствосунун жалпы өнүгүшү XX кылымдын 70-жылдарындагы кинотаануучулардын, киножурналистердин жана режиссерлордун эмгектеринде чагылдырыла баштаган, анда жеке мүнөздөмөлөр жана ой жүгүртүүлөр менен катар «искусствонун ичинен эң маанилүүсүнүн» терең идеялык милдеттери жана келечеги чагылдырылган. 1960-жылдын соңунда белгилүү кыргыз кинотаануучу К.Ашимовдун китептеринин, макалаларынын жана очерктеринин пайда болуусу менен республикада улуттук киносын жана кино тануу илиминин пайдубалы калыптанган. Аталган тармактагы алгачкы жалпылоочулук эмгектердин пайда болуу мезгилинен бери 60 жылдан ашуун убакыт өттү, ал эми «Кыргызфильм» киностудиясында 120дан ашуун тасмалар тартылды. Бирок, кесипкөйлүк киносындын калыптануусунун татаал процесси азыркы күнгө чейин улануууда.

Жалпысынан айтканда, кыргыз кинематографынын негизги милдети болуп улуттук стилди коргоо, кинотасмалардын көркөмдүк жана техникалык деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле дүйнөлүк киноаренага чыгуу эсептелинет.

Жогоруда айтылгандарга ылайык, диссертациянын темасын тандоо аныкталды.



**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор) билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**

Тема КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы ФУжСУИИнун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты.**

Аталган иште улуттук көркөм маданияттын феномени катары кыргыз кинематографына маданият таануучулук изилдөө жүргүзүү аракети көрүлгөн. Ушуга байланыштуу, кыргыз оюн киносунун пайда болуусунан азыркы мезгилге чейинки калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, искусствонун башка түрлөрүнүн алкагындагы кыргыз улуттук маданияттындагы кыргыз киносунун ролу жана орду ачылып берилген.

**Изилдөөнүн максатын жүзөгө ашыруу төмөнкү милдеттерди чечүү менен байланышкан:**

- дүйнөлүк кинематографтын жана дүйнөлүк кинотеориянын өнүгүү тарыхынын кыскача ретроспективасын берүү;
-кыргыз оюндук киносунун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн кароо (XX к. 50-60-жж., 60-70-жж., 80-90-жж., 2000-ж.);
-кыргыз оюндук киносунун өнүгүүсүндөгү «биринчи толкун» жана «экинчи толкун» мезгилдериндеги «кыргыз керемети» феноменин анализдөө;
-заманбап кинопроцессиндеги кыргыз оюндук кино чеберлеринин чыгармачылык изденүүлөрүнүн орду менен ролун аныктоо;
-кинематографтын Кыргызстандын көркөм маданият системасындагы искусствонун башка түрлөрү (адабият, музыка, сүрөт искусствосу) менен болгон бирдиктүү иш-аракеттерин кароо.

**Изилдөөнүн методологиялык базасы.**

Изилдөөнүн негизги методу-аталган маселени талдоонун салыштырмалуу-типологиялык жана салыштырмалуу-тарыхый методдоруна негизделген комплекстүү, системалык ыкма болуп эсептелет. Андан тышкары, автор изилдөөнүн төмөнкү принциптерин колдонот, алар: тарыхый жана логикалык, жалпылык жана жекелик, индукция жана

дедукция, конкреттүүлүктөн абстрактуулукка же тескерисинче болгон кыймыл жолу менен реалдуулукту таануу.

Кыргыз кинематограф көрүнүшү аталган феноменди системалык изилдөө көз карашында карап, аны жеке темаларга жана изилдөө форматтарына бөлүштүрөт. Бул теоретикалык жана маданият таануучулук маселелер, тарыхый этаптар, көркөм процесстер жана искусство таануучулук көз караштар.

Иште тарыхый салыштыруу методу колдонулат, анда изилдөөнүн предмети – дүйнөлүк кинематографиялык процесстер, кыргыз кино феноменинде кошумча пункттар белгиленген. Таанымдын аналитикалык ыкмасынын курамдык бир бөлүгү болуп эсептелүү менен типологиялык салыштыруунун методу тигил же бул көркөм көрүнүштөрдүн (искусстволордун синтези) мүнөздүү белгилери менен касиеттерин ачып берет.

**Иштин илимий жаңылыгы.**

Диссертация улуттук көркөм маданияттын алкагындагы кыргыз кинематограф маселеси боюнча алгачкы маданият таануучулук изилдөө болуп эсептелет. Улуттук маданий баалуулуктар системасындагы кыргыз кинематографынын орду жана ролу тууралындагы маселенин мындай ракурсун тандоо төмөнкүлөр менен аныкталат:

-көркөм маданияттын бүтүн системасындагы кинону изилдөө аракети жазалган, ал киноискусствого комплестүү мамиле жазоого шарт түзгөн;

-кыргыз киносунун калыптануу мезгили боюнча ретроспективдүү тарыхый баа берилет;

-дүйнөлүк кинематографиялык процесске анын илимий-теоретикалык маани берүүсүнө басым жасалат;

-заманбап кинопроцесстеги кыргыз кинематограф чеберлеринин чыгармачылык изденүүлөрүнүн тажрыйбасы жалпыланат;

-искусствонун башка түрлөрү, алсак, адабият, музыка, сүрөт искусствосу менен кыргыз киносунун өз ара байланышы жана бирдиктүү иш-аракеттери маселесине адистештирилген маданият таануучулукка изилдөө берилет.

**Иштин илимий-теоретикалык жана практикалык мааниси.**



Диссертациянын теоретикалык мааниси дүйнөлүк кинематографиялык процесстердин алкагындагы улуттук көркөм маданияттын феномени катары, анын илимий жактан жалпылануусунун жана искусствонун синтези катары, башка көркөм көрүнүшкө чыгуусунун феномени катары, кыргыз кинематографиясын системалык маданият таануучулук изилдөөдө турат.

Автордун пикиринде, аталган изилдөөдө жасалган корутундулар кыргыз киноискусствосунун өнүгүүсүнүн бир катар актуалдуу маселелерин андан аркы иштеп чыгууда эле эмес, кыргыз кинематограф кызматкерлеринин практикалык ишмердүүлүгүнө көмөк көрсөтүүдө да колдонулат. Кыргызстан киносунун негизинде жасалган тарыхый-көркөм талдоо жүргүзүү көп кылымдык кыргыз маданиятын анын тарыхый өнүгүүсүндө системалуу изилдөө үчүн колдонулушу ыктымал, андан тышкары заманбап мезгилдеги Кыргызстандын көркөм маданиятынын эволюциясынын жалпы концепциясын, ыктымалдуу келечегин жана республиканын руханий-көркөм жашоо-турмушунун өнүгүүсүнүн прогноздорун иштеп чыгуудагы белгилүү бир талаш-тартыш маселе катары кызмат кыла алат. Диссертациянын материалы маданият менен искусствонун тарыхы, анын ичинде киноискусство боюнча КРнын жана КМШ өлкөрүнүн, өзгөчө борбордук Азиялык региондордогу жогорку окуу жайларында лекциялар менен атайын курстарды окутууда колдонууга сунушталат.

Коргоого сунуш кылынган негизги жоболор:

1. Кыргыз кинематограф көп кылымдык маданияттын бир бөлүгү, анын салттары менен улуттук баалуулуктарынын улантуучу болуп эсептелет;

2. Дүйнөлүк киноискусствосунун кереметтери – улуттук кинематографтын өнүгүүсүнүн стимулу;

3. Көркөм маданияттын системасындагы кыргыз киносун изилдөө киноискусствого болгон комплекстүү ыкма маселесин чечүүгө шарт түзөт;

4. Кино тууралындагы улуттук киносын менен кино тануучулук илимдин калыптануусу жана өнүгүүсү дүйнөлүк мейкиндиктеги кыргыз кинематографтын абалы менен деңгээлин чагылдырат;

5. Улуттун маданий жетишкендиги катары кыргыз киносунун эң мыкты үлгүлөрү өлкөнүн социалдык-тарыхый доорун калыбына келтирип, кыргыз киносунун руханий-нравалык түзүлүштөрүн ачып беришет;

6. Кыргыз киносундагы искусствонун башка түрлөрү (адабият, музыка, сүрөт искусствосу) менен болгон бирдиктүү иш-аракеттери жаңы көркөм-синтетикалык реалдуулукту жаратат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

Автор көркөм маданияттын бүтүн системасындагы кинону изилдөө аракетин жазаган, ал киноискусствого комплекстүү мамиле жазоо маселесин чечүүгө мүмкүнчүлүк берген. Иште приоритетүү тема катары улуттук кинематографтын кылым карыткан өз маданияты менен байланышы каралган.

Алгачкылардан болуп кыргыз киносун изилдөөдөгү маданият тануу маселелери жыйынтыкталган, атап айтсак, кыргыз киносунун тарыхый булактарын жана пайда болуу жолдорун аныктоо, улуттук жана жалпы адамзат сыпаттарынын өз ара кесилишүүсү, ошондой эле искусстволордун синтези боюнча искусство тануу проблемалары көтөрүлгөн – кыргыз кинематографынын адабият, музыка жана сүрөт искусствосу менен өз ара аракеттенүүлөрү. Мунун натыйжасында белгиленген изилдөө кыргыз киноискусствосунун көптөгөн актуалдуу маселерин көтөрөт, алар кинонун перспективдүү өнүгүшүндө зор мааниге ээ.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары менен корутундулары автор тарабынан бир катар илимий-теоретикалык жана практикалык конференцияларда жазалган докладдарда жана илимий басылмаларда жарык көргөн (14).Атап айтсак: Кыргызстан – страна короткометражных фильмов. Вестник Академии наук КР №2. – Бишкек, 2017. – С.109-112;«Вторая волна» развития кыргызского кинематографа. Вестник Академии наук КР №2. – Бишкек, 2017. – С.106-109;Ауэзов и кыргызское кино. Сборник материалов IV международной научно-практической конференции «Фундаментальные и прикладные исследования: гипотезы, проблемы, результаты», - г.Новосибирск, Россия, 2018. – С.41-47;Чынгыз Айтматов и кыргызское кино (к 90-летию Ч.Айтматова). Сборник материалов IV международной научно-практической конференции «Фундаментальные и прикладные исследования: гипотезы, проблемы, результаты». – г.Новосибирск, Россия, 2018. – С.47-57; Кыргызское кино и традиционная музыка. Международная научно-практическая конференция



«Традиционная музыка в эпоху глобализации». – Бишкек, 2018. С.144-148; Вселенная Айтматова в кыргызском кино. «Айтматовские чтения – 2018». Международная научно-практическая конференция, посвященная 90-летию Ч.Айтматова. Бишкек, 6 декабря, 2018. Кыргызстан.–С.342-350;Идейно-нравственное воспитание молодежи средствами киноискусства. Вестник Бишкекского гуманитарного университета, №1 (43). – Бишкек, 2018. – С.26-30; Взаимодействие кино с литературой (на материале кыргызского игрового кино). Вестник Бишкекского гуманитарного университета, №3 (45). – Бишкек, 2018. – С.284-288; Перспективы развития нравственно-гуманистических традиций киноискусства. Вестник Академии наук КР №1, Бишкек, 2018. – С.114-118; «Авторское кино» в современном кыргызском кино. Наука и новые технологии. № 11. – Бишкек, 2019. – С.122-126; Новые тенденции в современном кыргызском кинематографе. Культура и искусство, №11 . - Москва, - С. 9-16; Основные вопросы взаимосвязи кыргызского кино с музыкой. Культура и искусство, №1. Москва, 2020. - С. 8-16; Жанровое своеобразие современного кыргызского кино. Вестник Бишкекского государственного университета, № 1(51), - Бишкек, 2020. – С.20-24; Взаимодействие кыргызского кино с казахской литературой(на примере творчества М. Ауэзова). Наука и новые технологии, №. 12 –Бишкек, -С.20-25.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмалардагы чагылуусунун толуктугу:** Диссертациянын негизги натыйжалары менен теоретикалык жоболору 14 басылмада чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** изилдөөнүн максаттары жана милдеттерине туура келет. Диссертация киришүүдөн, 10 параграфты камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат – 189 бет.

## Диссертациянын негизги мазмуну

Изилдөөнүн негизги мазмуну диссертациялык изилдөөнүн өз алдына койгон милдеттеринин аткарылыш ырааттуулугуна ылайык берилди.

**Киришүү бөлүмүндө** изилдөө темасынын актуалдуулугу, максат-милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлган негизги жоболор, апробация, материалдардын жарыяланышы, изденүүчүнүн жекече салымы жана иштин түзүлүшү боюнча кыскача маалыматтар камтылган.

**"Кинематография жаатындагы изилдөөлөрдүн теориялык жана культурологиялык негиздери"** деп аталган биринчи бапта кинематограф феноменин изилдөөдөгү маданий-тарыхый жана теоретикалык негиздери берилет.

Биринчи баптын **"Кинематограф туралуу илимий көз караштарынын калыптануу этаптары"** аттуу биринчи параграфында киноискусствонун илимий көз караштарынын калыптануусуна кыскача экскурс жүргүзүлгөн.

Европалык кинотеорияда кинематографтын теориялык өзгөчөлүктөрүн далилдөө, анын искусствонун башка түрлөрүнөн айырмачылыгын аныктоодогу биринчи аракеттеринен тартып, кийин ар кандай теориялар жана тенденциялар пайда болгонго чейинки маселелер камтылган, атап айсак: феноменологиялык теория (М. Мерли-Понти), кинематографтын психологиялык концепциясы (З. Кракауэр), "автордук кино" концепциясы (Ф.Трюффо, Э. Ромер, Ж. Дониоль-Валькруз), кинонун семиотикасы (Ж.Митри, Р.Март), "тасмалардын текстологиясы" (Р.Беллур) жана башкалар.

Аталган параграфта орус кинотеориясынын өнүгүүсү да каралган. Алар белгилүү режиссерлордун жана кино изилдөөчүлөрдүн киноискусствого болгон көз караштары аркылуу берилген(Л.Кулешов, Д.Вертов, С.Эйзенштейн, В.Пудовкин, С.Юткевич, С.Фрейлих, Р.Юренев ж.б.). Борбордук Азия республикаларындагы кинотеориянын өнүгүүшү кыскача тезистер аркылуу берилген. Кыргыз кинотеориясынын башаты XX кылымдын 60-жылдары кинотаанучу К.Ашымовдун эмгектеринен башталып бүгүнкү күндө О.Артюховдун, В.Фуртичева, Э.Лындина жана Е.Лузанованын эмгектеринде уланууда.

**Биринчи баптын "Дүйнөлүк кинематографтын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн негизги тарыхий этаптары"** деп аталган экинчи параграфында дүйнөлүк кинематографдын калыптанышы жана өнүгүшүнө кыскача жалпы баяндама берилген.

Автор европалык жана дүйнөлүк кинематографтын ири жетишкендиктерине кыскача токтолгон: киноискусствонун Францияда



калыптанышы (1895), америкалык Голливуд киноиндустриясынын пайда болушу(1913), италиялык неореализм(1940-50), Франциянын "жаңы толкуну"(1950ж аягы-1960ж башы), япон, индия, кытай жана советтик кинонун өнүгүүсү.

Америкалык киноискусствонун эволюциялык жолуна кыскача токтолгон: улуттук кинокомедиянын жаралышы (Чарлз Спенсер Чаплин), көрүнүктүү режиссерлордун чагармачылыгы (Джон Гриффит, С.Креймер, Ф.Каполло, Дж.Лукас, С.Спилберг жана башкалар).

Параграфта автор антифашисттик Каршылык Кыймылы учурунда пайда болгон италиялык неореализм багытына кыскача токтолгон. Бул багыттын негизги эстетикалык принциптерин жашоого болгон социалдык мамиле, карапайым элдерге болгон сыйлоосу түзөт. Неореализм мастерлеринин көңүл чордонунда (Р.Росселини, П.Джерми, Л.Висконти, В.де Сика, Дж. Де Сантис) жөнөкөй элдин согуштан кийинки шарттагы жашоосун реалдуу чагылдыруу болгон.

Франциянын "жаңы толкуну" Ж.Трюффо жана А.Рененин чыгармачылыктары аркылуу берилген. Жаш режиссерлор тобу документалдык, мультипликациялык жана кыска метраждуу оюн киносунда эксперименталдуу чакан, жөнөкөй социалдык тасмаларды жаратышкан. "Жаңы толкундун" негизги сапаттары төмөнкүлөр: наркы жогору коммерциялык тасмалардан баш тартуу, импровизация, кинотасманы табигий шарттарда тартуу, жаш муундун жашоосуна кызыгуу жана буржуазия коомунун социалдык баалуулуктарына скептикалык мамиле жазоо.

Иште Чыгыш киносу: Япония (Акиро Курасава), Индия (Радж Капур), Кытай (Чжан Цзынь) өзүнчү көрсөтүлгөн.

Совет киносунун мыкты режиссерлорунун катарына төмөнкү режиссерлор кирет: С.Герасимов, Г.Александров, И.Пырьев, С. Бондарчук, А.Тарковский, В.Шукшин, Э.Рязанов жана башкалар. Алар өз чыгармачылыгын совет киносунун негизги темасы болгон – жаңы советтик адамды калыптандыруу жана тарбиялоого арналган.

Диссертациянын **" Кыргыз оюн кинематографиясынын калыптануу жана өнүгүү жолдору"** аттуу экинчи бапында кыргыз көркөм киносунун калыптануу жана өнүгүү жолдоруна толук анализ жазалып, жыйынтык чыгарылган.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.**

Изилдөөнүн объектиси катары кыргыз киноискусствосунун феномени эсептелет. Изилдөөнүн предмети катары дүйнөлүк кинематографтын фонундагы ата-мекендик киного таандык маданият жана искусство таануучулук маселелер саналат.

Экинчи баптын **"Совет доорундагы кыргыз кинематографиясы"** аттуу биринчи параграфы кыргыз киносунун совет доорундагы калыптанышы жана өнүгүү маселелерине арналган. Кыргызстанда кинематограф өткөн кылымдын 40-жылдарында орус киносунун жардамы менен калыптанган. XX кылымдын 50-жылдарынын экинчи жарымынан тартып он жыл аралыгында (1955-1965) кыргыз көркөм киносу өз алдынча искусствонун түрү катары калыптанган. Көркөм чыгармачылыктын жаңы түрү катары өзүн ырастап, кыргыз оюн киносу пайда болгондон баштап ошол мезгилдеги элдин жашоосунун актуалдуу проблемаларынын маани-маңызын түшүнүүгө аракеттенген.

Кыргыз оюн киносунун башаты тууралуу талаштуу көз караш бар экендигин белгилейт. Жалпысынан, "Чүмбөттөлгөн араба" (1927) жана "Айгуль"(1936) тасмалары негизинен орус жана өзбек киноискусствосунун кыргыз темасына арналган жана кыргыз киносунун жаралышына оң таасир берген чыгармалар. "Мосфильм" киностудиясы менен биргелешип тартылган "Салтанат"(1955) тасмасы Кыргызстанда жаралган биринчи толук метраждуу көркөм фильм болуп эсептелинет. Тасмада кыргыз театрынын профессионал актерлору ойногон. Алар каармандардын образдарын жаратууда бийик маданиятты көрсөтүп, ролдорду чындыкка жакын жана терең ачууууга умтулушкан. Атап кетсек, алар улуттук сахнанын чебер актерлору М.Рыскулов, Б.Кыдыкеева, А.Каримов, Н.Жантурин жана башкалар. Кээ бир актерлор режиссердук топторго кошулган (М.Рыскулов эки ролдо тартылган жана экинчи режиссер милдетин аткарган).

Тасманы анализдеп, диссертант төмөнкү ойлорду сунуштайт: актердук чеберчиликтин мындай деңгээли образдардын реалисттик чындыгы, режиссердун баардык кинематографиялык каражаттарынын улуттук аткаруучулардын ар тараптуу мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жумшагандыгында. Ушул сапаттар "Салтанат" тасмасын мурунку " Чүмбөттөлгөн араба" жана "Айгул" тасмаларынан айырмалап турат. Бул картина улуттук киноискусстводо кийинки тасмаларга жаңы эстетикалык ориентацияга жол көрсөтүп, ошондой эле драматургияда турмуштук материалды терең ачууга жана үйрөнүүгө, тасмаларда кыргыз актерлорунун жогорку профессионалдык сапаттарын туура колдонууга жол ачкан. Кинокартинанын ийгилиги республикада көркөм тасмаларды жаратууда чоң түрткү болгон.

1956-жылдын аягында Кыргыз ССРинин Совет Министрлигинин токтому менен Фрунзедеги хроникалдык-документалдык киностудия документалдык жана көркөм тасмалардын студиясына айланган. Киностудиянын материалдык-техникалык базасы чыңалып, киноаппаратуралары толукталган. Кинематографисттер өз базасында көркөм тасмаларды жаратууга мүмкүнчүлүк алышкан.



Фрунзе киностудиясында тартылган биринчи көркөм тасмалар: "Менин калчылыгым"(1957),"Алыскы тоолордо"(1958), "Токтогул" (1960), "Джура" (1964). Бул тасмаларда оң жактар менен бирге алардын терс жактары да көрсөтүлгөн: схематизм жана иллюстративдүүлүк, режиссуранын начардыгы. Бирок ушул эле учурда таланттуу да тасмалар пайда болгон. Алар кыргыз киносунун өзгөчө көрүнүшү катары кабылданган, алар: "Муз жүрөк жөнүндө легенда" (1957), "Чолпон" (1959) тасмалары. Бул тасмалар кыргыз кинематографиясынын жанрдык багытынын кеңейишинен, ошондой эле профессионалдык чеберчиликтин деңгээлинин өсүшүнөн кабар берет.

"Ашуу"(1961, "Тайгак кечүү"() 1963), "Аптап" (1963), "Биринчи мугалим" (1965), "Бакайдын жайыты" (1967) тасмалары кыргыз киноискусствосуна айкын таланттар келгенин айгинелейт, алар киного XX кылымдын 60-жылдарындагы чечкиндүү көркөм изденүүлөрдү ишке ашырышкан."Тайгак кечүү" жана "Бакайдын жайыты" тасмалары кыргыз киносунун эң чоң жетишкендиктеринин ичине кирген. Картиналардын көркөм деңгээли ошол учурдагы кинематографтын алдыңкы жетишкендиктердин дэңгээлине көтөрүлгөн. Терең жана элестүү чагылдырылган улуттук өзүнчөлүктөр көрөрмандарга кыргыз элинин жан-дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө, ошондой эле анын тарыхын жана тагдырын түшүнүүгө жардам берген.

Параграфта белгилегендей, кыргыз киносунун өнүгүшүнө Москва жана Ленинград окуу жайларын бүтүп келген жаш улуттук кадрлар (режиссерлор жана операторлор) , ошондой эле сүрөтчүлөр жана композиторлор зор салым кошушкан. Алар кыргыз кинематографын музыкалык жана сүрөт искусствосун реалисттик традициялар менен байытышкан.

Кыргыз кинематографы ошол мезгилде чыгармачылык жактан жетилүүсү артып, көркөм жана кызыктуу, изденүү жолуна түшкөн.

Экинчи баптын экинчи параграфы " Кыргыз керемети (60 -70 жылдар)" деп аталып кыргыз киносунун дүркүрөп өскөн доорунун анализине арналган. Бул доор кыргыз киносунун тарыхына "кыргыз керемети" же "биринчи толкун" деп кирген. XX кылымдын 60-жылдарынын аягында дүйнөлүк жана союздук киносынчылар "кыргыз керемети" тууралуу сөз кыла баштакан. Чынында эле, 60-жылдардын аягында – 70-жылдары кыргыз кинематографисттери таланттуу көркөм тасмаларды жарата баштакан. Ага мисал болуп Г. Базаровдун "Саманчынын жолу"(1967), Б.Шамшиевдин "Караш-караш окуясы"(1968), жана "Ысык-Көлдүн кызгалдактары"(1971), Т.Океевдин "Көк серек" (1974) жана "Улан" (1977), Б.Шамшиевдин " Ак кеме"(1974-75) жана "Эрте жаздагы турналар" (1979) тасмалары далил боло алат. Бул

тасмаларга жогорку деңгээлдеги көркөм-идеялык чеберчилик, жаш режиссерлордун чыгармачыл изденүүлөрүнүн новатордук духу, ар бир режиссердун өз маданиятынын улуттук башатына кайрылуу, көркөм индувидуалдык стилине ээ болуу мүнөздүү. Постулат сыпатында XXкылымдын 60-жылдардын аягында пайда болгон «кыргыз керемети» көптөгөн факторлордун ("Кыргыз фильм" киностудиясынын чыгармачылык өсүшү, республиканын социалдык-экономикалык жетишкендиктери ж.б.) натыйжасында келип чыкканы айтылат.

Кыргыз кинематографиясынын калыптанышына Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын тийгизген таасири эбегейсиз. Жазуучуунун повесттеринин негизинде тартылган "Саманчынын жолу"(1967), "Ак кеме"(1975), "Эрте жаздагы турналар"(1979), "Кызыл алма" (1975) тасмалары өзүнчө иликтелинген. Ч. Айтматовдун чыгармаларын экрандаштыруу тажрыйбасы анын прозасын жаңы боектор менен байытып, өзгөчө социалдык мааниге ээ болгон.

Параграфта режиссер Б. Шамшиевдин чыгармачылыгы өзүнчө иликтелинет. Анын кинокарьерасы дипломдук иши – "Манасчы" (1965) документалдык тасмадан башталган. Бул тасма Германияда (Оберхаузен ш.) баш байгеге татыктуу болгон. Кийин Б. Шамшиев оюн кинематографына келип, көптөгөн ийгиликтүү тасмаларды жараткан, атап айсак, "Караш-Караш окуясы" (1968), "Ысык-Көлдүн кызгалдактары" (1971).

Б.Шамшиев Ч. Айтматовдун чыгармаларын экрандаштырууда "Ак кеме" (1975), "Эрте жаздагы турналар" (1979) жазуучуунун повестерине төп келе турган татыктуу киноэквиваленттерди тапкан.

Ошондой эле белгилүү кинорежиссер Т. Океевдин да чыгармачылыгы анализделинет. Анын "Бакайдын жайыты"(1967), "Отко таазим" ("Уркуя",1972), "Көк серек" (1974), "Кызыл алма" (1975), "Улан" (1977) тасмалары жанрдык ар түрдүүлүгүнө карабастан жогорку ынанымдуулукка жана социалдык максаттуулукка ээ. Т. Океевдин чыгармачылыгына терең психологизм, улуттук өз алдынчалык, социалдык проблемалардын курчтуулугу, көркөм каражаттарды так жана орундуу колдонушу мүнөздүү.

"Кыргыз керемети" учурундагы башка режиссерлор – М.Убукеев, Г.Базаров, У.Ибрагимов ж.б кыргыз киноискусствосунун фондун татыктуу толуктап, чыгырмачыл изденүү менен көптөгөн тасмаларды жаратышкан.

Ошентип, өткөн кылымдын 60-жылдардын жарымынан – 70-жылдары жаралган кинотасмалар кыргыз киносунун эң чоң жетишкендиктеринин катарын толуктады. Тасмалардын көркөм дэңгээли ошол учурдагы дүйнөлүк кинематографтын бийик сересине котөрүлгөн.



Экинчи баптын "Кыргыз көркөм кинематографиясынын 80-жылдардагы өзгөчөлүгөрү"деген үчүнчү параграфында кыргыз киносунун 80-жылдардагы өнүгүү өзгөчөлүктөрү жана кээ бир маселелери ачылган. XX кылымдын аягында кыргыз кинематографы азыркы учурдун (современность) темасын изилдөөнү уланткан. 80-жылдары кыргыз киносунда чоң резонанс жараткан кызыктуу тасмалар пайда болгон. Алар: "Ак илбирстин тукуму" (1984. реж. Т.Океев), "Биринчи" (1984. реж. Г. Базаров), "Карышкырдын үңкүрү" (1984. реж. Б.Шамшиев), "Ай жез кемпири"(1985. реж. Б.Карагулов), "Сүйүү закымы"(1986. реж. Т.Океев) жана башкалар.

Автор Т.Океевдин "Ак илбирстин тукуму" тасмасына токтолуп, анын драматургиясы түбөлүктүү ыйман проблемаларын бүгүнкү күндүн позициясынан анализдейт. XX кылымдын трагедиялуу тагдыры менен текшерилген Ак Илбирстин тукумунун мергенчиси Кожожаштын трагедиялуу тагдыры XX кылымдын тарыхы менен текшерилгендей, бүгүнкү муунга катуу эскертүү катары кабылданат.

Ошол эле жылы тартылган Б.Шамшиевдин эки сериалуу детектив жанрындагы "Карышкырдын үңкүрү" тасмасы да автор тарабынан белгиленет. Картина моралдык компромисстин ачуу баасы, рухий инфантилдүүлүктүн кооптулугун сүрөттөйт. Тасма көрөрмандарды ойлонуп иш кылууга, өз ишин экранда чагылдырылган окуялар менен салыштырып тыянак чыгарууга үндөйт.

Курч социалдык проблемалар Г. Базаровдун "Биринчи" (1984), "Баралга жеткендер үчүн башбаане" (1987) картиналарында көтөрүлгөн. "Биринчи" тасмасында кинематографисттер учурдун пульсун даана табышкан, анда кайдыгерлик, бюрократизм жана мыйзамсыздык менен күрөшүү проблемалары чагылдырылган.

Өткөн кылымдын 80-жылдары "Кыргызфильм" киностудиясына СССРдеги киновуздарынан жогорку билим алышкан көптөгөн жаш режиссерлор келип кошулган. Алар азыркы учурдун проблемаларын көркөм жана философиялык аңыздоого аракетин жазашкан. Мындай аракеттер "Жолдор кезигишкенде"(1988. реж-А.Суюндүков), "Лифти бар үйдүн шатысы" (1984. реж- А.Камчыбеков)"Айдагы жез кемпир"( 1985. реж-Б.Карагулов) тасмаларында байкалат. Бул тасмаларга проблеманы жаңыча кароо, характерлерди психологиялык жактан туура ачуу, адам жана убакытты түшүнүүдөгү жылыштар мүнөздүү.

Кыргыз киноискусствосунун XX кылымдын 80-жылдарындагы чыгармачыл практикасын анализдеп автор бул учурдагы коомдун баардык сфераларында омоктуу өзгөрүүлөр кинематографисттерден терең көркөм аңдоону талап кыларын белгилеген. Ошого карабай, кыргыз киносунда бул учурда тартылган тасмалардын сапатынын төмөндөө тенденциясы байкалат: автордук позициясынын алсыздыгы, замандын үстүртөн

чагылдырылышы, көркөм каражаттарын колдонуудагы схематизм жана стереотиптүүлүк.

Экинчи баптын **"Улуттук кино постсовет доорунда"** деп аталган төртүнчү параграфында диссертант кыргыз көркөм киносунун СССР кулагандан кийинки эгемендүүлүк учурун изилдейт. Эгемендүүлүккө ээ болуу жана анын артынан келген рынок экономикасы жана маданияттын катастрофикалык деградациясы ошол учурдун киноискусствосунун бешенесине туш келген.

Диссертацияда "алтымышынчылар" менен "токсонунчулар", башкача айканда, кыргыз киносунун "биринчи" жана "экинчи толкун" түшүнүктөрү салыштырылып, алардын ар тараптуулугу белгиленет: "алтымышынчыларга" тышкы дүйнөнү ажырата билүү мүнөздүү болсо – жаратуучу пафос, коомду кайра куруу; ал эми "экинчи толкунга" жекелик мейкиндик – адамдын өздүк ички дүйнөсүнө сүнгүп кирүү таандык.

"Автордук кино" түшүнүгүнө, "реалдуу дүйнөнү изилдөөдө сүрөткердин бийик жоопкерчилиги мүнөздүү" (Юткевич С.). Автордук кино терең анализ жана ири жалпылоолордон башталат. Алар каармандардын мүнөздөрүнүн өнүгүшүнө, рухий кагылышууларга жана ар кандай көз караштарга узак кинобайкоо методу аркылуу жете алат. Кыргызстанда "автордук кино" эгемендүүлүктүн жемиши болгон. Бул учурда "Кыргыз фильм" киностудиясынын мамлекеттик монополиясы талкаланып, көз карандысыз жеке менчик киностудиялар пайда болуп, жаңы идеялардын жана темалардын жол баштоочуларына айланышкан. Кинонун децентрализация процесси кинематографиялык аренага жаңы кинематографисттерди көтөргөн – "токсонунчулар" муунун алып келген. Алар мамлекеттик монополия шартында өз ойлорун реализация кылууга мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Бул муун жаңы доордун духуна туура келген катастрофизм темасын кинодо ачык көрсөтө алышкан. Алардын катарына төмөнкү тасмалар кирет: "Толкундуу деңиз..." (1993. реж-Марат Сарулу), "Селкинчек" (1993. реж-Актан Абдыкалыков (Актан Арым Кубат), "Алтын кыргоол" (1998. реж – М.Сарулу) "Белгисиз маршрут"(2003. реж - Т.Бирназаров), "Борондуу бекет" (1995. реж-Б.Карагулов) жана башкалар. Тасмалардын авторлору – өз көз караштары бар жаш режиссерлор. Алар кыргыз киносунун өнүгүшүнө жаңы импульс берүүгө умтулушкан.

90-жылдын башындагы финансылык кыйынчылыктар кээ бир киноишмерлерди чет элдик спонсорлорго кайрылууга мажбур кылган. Атап айтсак, 2000- жылдардын башында режиссер А.Абдыкалыков автобиографиялык триптихинин акыркы бөлүгүн "Ное продуксьен" француз фирмасынын финансылык жардамы менен тарткан. Триптих үч бөлүктөн турган: "Селкинчек" (1993), "Бешкемпир" (1998), Маймыл"



(2001). "Бешкемпир" тасмасы Локарнодогу (Швейцария) Эл аралык кинофестивалда Күмүш леопарды, Алма-Атыдагы "Евразия" ЭАК- Гран-Прини, Коттбусса(Германия ) – Гран-Прини жеңип алган. 2001-жылы А.Абдыкалыков "Свет-аке" тасмасын жаратып, 63-Канн кинофестивалында көрүүчүлөрдүн купулуна толгон.

Параграфта "экинчи толкундун" башка режиссерлордун да тасмаларына көңүл бурулган. Атап айтсак, Э.Абдыжапаровдун "Айыл өкмөтү" (2004), "Боз салкын" (2007). "Айыл өкмөтү" тасмасы "Кыргыз фильм" студиясында "Фит-фильм" жана "Икон-фильм" (Германия) студиялары менен биргелешип тартылган. Кинокартинада СССР кулагандан кийинки айылдык жөнөкөй элдин тагдыры баяндалат. Авторлор постсовет доорундагы көптөгөн социалдык проблемаларды мыскыл жана юмор аркылуу көрсөтүшкөн. Бул фильм эл аралык кинофестивалдарда көптөгөн приздерди женип алган: Гран-При ЭКФ Душанбе ш(2005), "Алтын жылдыз" Гран-При бешинчи ЭКФ Марокко(2005), Гран-При ЭКФ Изола ш. Словения (2006).

"Экинчи толкундун" тасмаларынын арасынан Т.Бирназаровдун "Белгисиз маршрут"(2003) картинасы белгиленет. Бул кинолентада Т.Бирназаров, түнкү туманда жолунан адашкан рейсттик автобустун мисалында башкаруу ориентирин жоготкон коомдун кинометафорасын түзүүгө аракет жазаган. Тасмадан биз күбө болгон өз мекенибиздин образын даана баамдай алабыз, себеби автобустун жүргүнчүлөрү бири-бири менен сөз табыша албай урушуп, кайым айтышып жатканын байкайбыз, турмуштук компромисс табууга да кудреттери жетпейт. Демек, чын эле – бул биздин өлкө. Аны шалаакы рулевойлор тунгуюкка камап салганы даана байкалат. "Т.Бирназаровдун "Белгисиз маршруту" – бул режиссердун граждандык эрдиги, себеби, биздин жашоонун кээ бир негативдүү жактары экранда таасын көрсөтүлгөн.

1990-2000-жылдары Ч.Айтматовдун чыгармаларын экранизациялоо уланган. Алар төмөнкүлөр: Б.Карагуловдун "Борондуу бекети"(1995) жана "Эненин көз жашы" (2003) Ч.Айтматовдун "Кылым карытаар бир күн" романынын мотиви боюнча. Режиссер улуу жазуучунун чыгармасын экрандаштырууда өз вариантын тандап алган, ал тасмаларында көптөгөн метафораларды пайдаланган.

Диссертацияда кыргыз кинематографынын тарыхий тематикасы да белгиленет. Ага мисал болуп Садык-Шер-Нияз тарткан "Курманжан-датка"(2014) тасмасын айтсак болот. Бул тасма 1Х кылымдын аягында – ХХ кылымдын башында Алайды башкарган алай ханышасы Курманжан-даткага (1811-1907) арналган.

Автор улуттук "Кыргызфильм" киностудиясында (азыр Т.Океев атындагы) жана жеке киностудияларында тартылган кыска метраждуу тасмалар жөнүндө кеп салат. Алар: "Терезе" (2005. реж – Ф.Турсунов),

"Бизде баары жакшы" (2007. реж-А.Бекболотов), "Жоготуу" (2009. реж-Н.Асанбеков), "Суу" (2012. реж – А.Насыров). Бул кыска метраждуу тасмалар көрөрмандарды көнүл кош калтырбайт, алар ар бирин ойлондурат: биздин жаштардын эртеңкиси кандай болот? Алар жашоодо туура жолун таба алабы? Алар ар кандай кырдаалдарга карабай турмушка туруштук бере алабы?

Кыргыз киносунун кыска метраждуу тасмаларынын ийгилиги тураалуу СНГ , Балтия жана Грузия өлкөлөрүнүн ЭКФ далилдейт. Бул фестиваль 2011-жылдан баштап жыл сайын Кыргызстанда «Кыргызстан – кыска метраждуу тасмалардын өлкөсү» аталышта улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун туулган күнүндө карата өткөрүлөт. Бул фестивалдарда биздин тасмалар ар дайым байгелүү орундарды ээлейт. Атап айтсак, 2012-жылы Гран-Принин «Суу»(реж-А.Насыров) аттуу тасма алган.

Корутундуда XX кылымдын аягында пайда болгон "токсонунчулардын" киноискусствосу каармандардын ички дүйнөсүнө багытталып, кинотилдин пластикасына жана формалдык новацияларга акцент жазалгандыгы белгиленет. "Экинчи толкундун" лидерлери, жаш муунга өз күчүн заманбап шартта текшерүүгө мүмүүнчүлүк берүү менен, жаңы секирикке кадам шилтешкен. Кыргыз кинематографы көптөгөн сыноолордон өтүп, өнүгүүнүн жаңы жолуна түшүүсүн көрсөткөн.

Үчүнчү бап **"Кыргыз киносунун искусствонун башка түрлөрү менен байланышы"** деп аталып, анда кыргыз көркөм киносунунун Кыргызстандын көркөм маданият системасында башка искусстволор (адабият, музыка, сүрөт) менен болгон аракеттенүүлөрү, өз ара байланыштары изилденген. Мындай аракеттенүүлөр жаңы көркөм-синтетикалык реалдуулукту жараткан.

Үчүнчү баптын **"Киноискусстводогу синтез проблемалары »** аттуу биринчи параграфында искусстволордун синтезинин теориялык мааниси жана киноискусствонун адабият, музыка, сүрөт искусствосу менен болгон өз ара байланыш маселелери анализделинет. Искусство таанууда синтез деп карама-каршы башаттардын жыйындысын түшүнөбүз. Алар өз ара конфликтерди жеңүү менен жаңы көркөм-синтетикалык реалдуулукту түзөт.

Кинематограф синтетикалык, көпбөлүктүү искусство экени констатацияланып, аны искусствонун ар кандай түрүнүн жалпы өнүгүү контекстинен ажыратууга мүмкүн эместиги белгиленет. Кино театр, музыка, живопись жана адабияттын жетишкендиктерин өзүнө камтыйт. Жалпысынан, көркөм маданияттын терең жана күчтүү агымында болуу менен, кинематограф техникалык каражаттардын жардамы менен ар түрдүү искусствонун мүмкүнчүлүктөрүн колдонот.



Автор синтездин төмөнкү типологиялык түрлөрүн белгилейт: пластикалык, театралдык жана кинематографиялык. Пластикалык искусстволордун синтез негизинде архитектуралык курулуштар жатат (имараттар, архитектуралык комплекстер). Алар монументалдык-декоративдик скульптура(фрески, панно, мозаика, орнаменттер ж.б.), ошондой эле декоративдик-прикладдык искусствонун чыгармалары (элдик кол өнөчүлүк жана өндүрүш дизайны) менен толукталып, архитектуралык образды конкреттештирет.

Синтез искусствосу катары театр автордук мазмунду, режиссердун кабылдоосун, музыканын, хореографиянын, көркөм жазалгалоонун коштоосу менен актердун ролду аткаруусун өзүнө камтыйт. Театр искусствонун башаты байыркы диний адаттарга жана карнавалдык оюндарга барып такалат. Байыркы театрда ар кандай искусстволордун (поэзия, музыка, бий, живопись) синтези өзүн көрсөтө алган. Көрүүчү спектаклдин гармониялык дүйнөсүнө сүңгүп кирип, баардыгы шайкештикте болгонуна күбө болот: аткаруучулар, сахналык атмосфера, ритм, декорациялар, боектор. XX кылымда театралдык практика театрдын көптөгөн эксперименталдык формалары менен толукталган: абсурдук театр, камералык театр, саясий театр, көчө театры, перформанс театры ж.б.

Кинематографты калыптануу жана өнүгүү жолунда анын ажырагыс бөлүгүн музыка түзгөн. Композитор музыканын жардамы менен тасманын эмоционалдык түзүлүшүн ачып көрсөтүү менен кинонун жүрүшүнүн мүнөзүн сыпаттаган. Кинодо музыка өз алдынча жанр формасына ээ болуп, музыкалык кинодраматургиянын закон ченемдүүлүктөрү калыптанган.

Кинематографиялык синтездин спецификасы кинообраздын өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Ал реалдуу окуяларды киносүрөттөмө жана монтаждын жардамы менен пластикалык чагылдырууну өз ичине камтыйт.

Параграфта кинематографтын үч тарыхый жанрлары белгиленет: оюн(көркөм), оюн эмес (документалдык жана илимий-популярдуу) жана анимациялык.

Кинонун бардык жанрлары, ар кандай монтаждык, үн кошуу жана түс берүү ыкмаларын колдонуп, өз ара аракеттенишет. Аларда бирин бири байытуу жана өз ара сиңишүү процесстери жүрөт. Азыркы кинематограф бул жаатта өтө эле полифониялуу.

**3.2 «Кино жана адабият» деп аталган экинчи параграфта,** кино менен адабияттын өз ара байланыш маселеси каралып, кинонун көркөм сөз менен болгон чек аралары талданган. Ар кандай өлкөлөрдө жана ар кандай учурда адабият жана кинонун өз ара аракеттенүүнүн процессинде

жакындашууларга жана айырмачылыктарга карабай бул процессте ар дайым бир бирине умтулуу сакталып келген. Көптөгөн орус окумуштууларынын ( адабият таануучулар, кино тануучулар, жазуучулар) ою боюнча сөз өзүн өзү андоонун жана өзүн өзү анализдөөнүн ийкемдүү инструменттеринин бири болуп эсептелинет (В.Е.Баскаков). Тескерисинче, көптөгөн чет мамлекеттик окмуштуулар адабият азыркы шартта эскирип калган искусство деп баа беришет, себеби, алардын ою боюнча, адабий сөзгө муктаж болгон социалдык-маданий космос толук аягына чыкты. Биз азыр "китеп эпохасынын" ордуна келген "электрондук галактикада" жашайбыз. (М.Маклюэн).

Бирок, сөздү иликтөө кинематограф үчүн принципиалдуу мааниге ээ, себеби талантуу адабиятка терең психологизм, характерлерди(мүнөздөрдү) кылдат изилдөө, окуяларды философиялык жактан дыкат аңдоо мүнөздүү. Бүгүн адабият жана кинематограф диалектикалык биригүү жана түртүлүү мейкиндигинде турушат. Адамдык ой жүгүртүүнүн эки тепкичинин диалектикалык мүнөздөгү байланышын жеткире баалабоо – эмоционалдык сезүү кабылдоонун тиби аңдап билүү тибинен ажыроо азыркы маданий абалды баалоодогу эң бир кооптуу жаңылыштык болуп эсептелинет.

Сөз эки искусствонун тең ички структурасында болушу искусстволордун ортосунда окшоштук бар экенин далилдейт. Ал окшоштуктар кабылдоо дэңгээлинде өзгөчө байкалат. Адабий образды кабылдоодо жалпылыктан (сөз) конкреттүүлүккө (сүрөттөө) көздөй жүрөт, ал эми экрандык образды кабылдоодо тескерисинче – конкретүүлүктөн (сүрөттөө) жалпылыкка (сөз) карай журот. Башка сөз менен айтканда, кинематографиялык жана адабий образдардын өз ара катышы алардын диалектикалык байланыштарынын мүнөзүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Адабиятта сүйлөө речинин эки тиби болот – баяндоочу(кыйыр) жана персонаждын кеби(түздөн-түз), ал эми көркөм тасмада сөз менен персонаждын кеби гана берилет, а баяндоочу кеп тасмада обьективдүү көрүнүштүн физикалык конкреттүү картина формасында берилет.

Экранда сөз менен сүрөттөөнүн (изображение) ортосунда татаал жана ийкемдүү байланыш байкалат. Бул багытта адабият менен кинонун бир чек арасы өтөт. Кинообраздын элестеп көрүү жөндөмдүүлүгү жана адабияттагы баяндоо кеби – булар эки искусствонун көзгө көрүнөр чек ара белгилери.

Параграфта Ч. Айтматовдун " Саманчынын жолу" повести боюнча тартылган эки тасманын салыштыруусу берилет – "Материнское поле" (1967. реж Г. Базаров) жана "Саманчынын жолу" (2000. реж Б.Карагулов). Бул тасмалар адабиятка автордун (режиссер) жекече мамилесин,



киноинтерпретация эркиндигин жана автордук кабылдоонун көп сандуулугун айгинелейт.

3.3 "Кино жана музыка" деп аталган үчүнчү параграфта кыргыз киносунун музыка менен өз ара байланышы анализделген. Кинематографтын биринчи кадамынан баштап эле аны музыка ар дайым коштогон. Киномузыканын тарыхы Улуу Тилсиз кинодон башталган. Ал эми кинодо үн пайда болгондон баштап музыка кинематографта полифунционалдык роль ойной баштайт: башында музыка окуяларды жана мүнөздөрдү чагылдырууда үн чыгаруучу фон гана болгон. Кийин кинонун жана музыкалык искусствонун өнүгүшү менен музыкалык драматургиянын мыйзамдары калыптана баштаган – киномузыканын убакыт мейкиндигиндеги фрагментардуулугу жана дискреттүүлүгү, тасманын монтаждык курулушу музыкалык ой жүгүртүүнүн жаңы формаларынын пайда болуусуна алып келген.

Диссертацияда биринчи кыргыз көркөм тасмаларга музыка жазган орус композиторлору белгиленет (В.Леденев, А.Хачатурян, А.Зацепин, В.Кончаков, А.Шнитке, Ш.Каллош ж.б), ошондой эле Кыргызстандын киномаданиятына чоң салым кошкон кыргыз композиторлоруна да акцент жазалат(А.малдыбаев, А.Тулеев, Т.Эрматов, К.Молдобасанов, Н. Давлесов, Э.Жумабаев ж.б).

Биринчи көркөм тасмаларда музыка сюжеттин мазмунун комментариялаган фон катары колдонгондугу констатацияланат. Кийин музыка тасмада олуттуу драматургиялык ролду ойной баштайт. Атап айтсак, "Апта"(1962) тасмасында россиялык композитор Р.Леденев улуттук обондорду чыгармачылык менен аңдап, психологиялык жактан туура, драматургиялык мүнөзгө ээ музыканы жараткан. Башка да тасмаларда – "Тайгак кечүү" (1965, комп.В.Кончаков), "Бакайдын жайыты" (1967, комп Т.Эрматов), "Ак кеме" (1975), "Каныбек" (1979, комп К.Молдобасанов) ж.б музыка көптөгөн функцияларды аткаргандыгы айтылат: эмоционалдык атмосфераны түзөт, жаратылыш чөйрөнү мүнөздөйт, окуялар түрмөгүн коштойт. Кыргыз киномузыкасынын эң негизги сапаты болуп анын улуттук өз алдынчалуулукка ээ болуусу эсептелинет.

3.4. Кино" жана сүрөт искусствосу" деп аталган тортунчу параграфта кинематограф менен сүрөт искусствосунун өз ара аракеттенүү маселерине арналган. Азыркы киноискусствонун теория жана практикасында бул проблеманы көркөм маданияттын контекстинде изилдөө муктаждыгы келип чыккан.

Кино жана сүрөт искусствосунун өз ара байланышы терең мүнөзгө ээ жана көптөгөн факторлор менен шартталган: кинодраматургиянын

деңгээли, кинодогу профессионал-сүрөтчүлөрдүн, операторлордун, техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн болушу. Бул звенодогу бир эле чынжырчанын төмөнкү деңгээли же жок болушу тасманын эстетикалык сапатына таасир тийгизет.Сүрөтчүлөрдүн кинодогу ролу белгиленип, режиссердук ойдун, драматургиялык идеялардын визуализация приоритети аларга таандык экени көрсөтүлөт. Эскиздерде мейкиндиктин образдарын – атмосфера, заманга жараша интерьерлердин мүнөзүн түзүү менен художник(сүрөтчү) сүрөттөө чечимин табат, ошондой эле режиссер сунуштаган тасманын сүрөттөө замыселин(ойду) конкреттештирет жана реализациялайт. Кээ бир учурда художник режиссердун алдында жөн эле декоратор болуп калат, а кээде сүрөткер тасманын соавтору(авторлошу) болот. Буга мисал КР Эл артисти, художник М. Абдиевдин чыгармачылыгы далил. Тарыхты, археологияны жана этнографияны терең изилдеп, М.Абдиев тарыхый так эскиздерди жазоого жетишкен. Атап айтсак, "Ак илбирстин тукуму" тасмасына художник(сүрөтчү) 200 ашык кийим эскиздердин жараткан. Аларды түзүүдө ал улуттук өз алдынчалуулукту берүүгө умтулган. Чыгаан пейзажист М. Абдиев тасманын реалдуу турмушту чагылдырууда экспресивдүү-символикалык түр берген.

Кинооператордун ролу дагы белгиленген. Анын тасманы жаратуудагы ролу абдан зор. Эгерде художник (сүрөтчү) алдыдагы тасманын сүрөттөсүн башкалардан мурда сезе билсе, ал эми оператордун жардамы менен бул сүрөттөө ишке ашат. Оператор художник(сүрөтчү) сыяктуу эле сүрөт искусствосуна таандык болгон таасирдүүлүк ыкмаларын колдонот - түс, жарык, фактура, сүрөт, мейкиндик композициясын, пластикалык формаларды жана башкалар, ошондой эле аларды режиссердун көркөм оюун так чагылдырууга багыттап колдонот, муну менен ал режиссердун соавторуна(авторлошуна) айланат. Буга мисал болуп КР Эл артисти, оператор К Кыдыралиевдин чыгармачылыгы далил боло алат. Анын тарткан тасмаларында ("Тайгак кечүү", "Бакайдын жайыты", "Жамиля", "Уркуя") оператордук иш тасманын материалын драматургия жана режиссура тыкыз байланышат. Автор төмөнкү жыйынтыкка келет: мүмкүн, бул учурда бирдиктүү авторго келүү процесси жүрүп жатат – режиссер, оператор жана художник кошулуп бир гана художникти түзөт.

Бүгүн кино жана сүрөт искусстволорунун кызыкчылыгы алардын өз ара байланышынын конкреттүү аспектерин изилдөөнү талап кылат – ар кайсы дэңгээлде жана ар кайсы этапта.

**Корутундуда** диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы берилет. Кинематографтын жаралышы адамзат маданиятынын мыйзамченемдүү этабы болуп эсептелинет. Х1Х кылымдын аягында-ХХ кылымдын башында пайда болуп, кино кыска учурдун ичинде бардык



континенттердин адамдарынын жүрөгүнөн түнөк тапкан. ХХ кылымдын башында Европа, Америка, Азия жана Африкада улуттук кинематограф пайда болгон.Биринчи он жылдын ичинде эле кинематографтын негизги принциптери жана мүмкүнчүлүктөрү, спецификалык көркөм каражаттары аныкталган. Дүйнөнү ар тараптуу образдуу таанып билүүдө киноискусствонун зор ролу туралуу сөз кылынат.

**"Кыргыз кинематограф улуттук көркөм маданияттын феномени катары"** деген диссертацияда кыргыз маданият таануу илиминде биринчилерден болуп кыргыз киносу феномен катары системдик изилдөө жүргүзүлгөн, бирдиктүү маданияттын контекстинде кинонун өнүгүүсүндөгү закон ченемдүүлүктөрү аныкталган, анын коомдук процесстер менен болгон байланыштары, ошондой эле башка искусство түрлөрү менен болгон аракеттенүүлөрү анализделинген. Кыргыз кинематографынын теоретикалык маселерин аңыздоо: анын. элдик руханий салттар менен тыгыз байланышы, кинонун этаптуу тарыхий өнүгүшү жана жетишкен жыйынтыктары, стилдик жана жанрдык сапаттарынын көп кырдуулуугу, башка искусстволордун түрлүрү менен байланышы (адабият, музыка, сүрөт искусствосу) илимий изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Алгачкы кыргыз киносуна схематизм жана иллюстративдик мүнөздүү болгон, алардын начарлыгынын себеби, адабий сценарийлердин сапатынын төмөндүгүндө, сценарийлер профессионалдык жактан сабатсыз, идеялары чабал болгон. Алгачкы кыргыз киносунун дагы бир проблемасы – бул улуттук кадрлардын жоктугу, ошондуктан режиссерлорду башка жактан чакырууга мажбур болушкан. Албетте, алар жергиликтүү жашоонун өзгөчөлүктөрүн жакшы билишкен эмес жана киносценарийдин кемчиликтерин жеңүүгө алдары чабал болгон. Натыйжада кызыксыз, орточо, схемалык тасмалар тартылган, бирок бул тасмаларсыз кыргыз киносу өзүнүн көркөм чыгармачылыгындагы кийинки этапка өтө алмак эмес.

Кыргыз киносунун өнүгүшүнө Москва жана Ленинграддагы атайын окуу жайларда билим алган жаш улуттук кадрлар чоң салым кошкон. Алардын көбү өзүлөрүн талантуу мастерлер катары көрсөтө алышкан.

Өткөн кылымдын 60-жылдардын аягында – 70-жылдарда кыргыз киносу чоң чыгармачыл ийгиликтерге жетишкен. Өзүнүн бийик көркөм-идеялык сапаты менен кыргыз киносу көрөрмандардын рухий дүйнөсүнөн бекем орун алган. Кыргыз киносунун ийгиликтүү өнүгүшү Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылуусу менен шартталган. Ошондуктан Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде жаралган тасмалар кыргыз киносунун турмушунда чоң окуяга айланган. ХХ кылымдын 70-жылдырындагы кыргыз киносунун өнүгүшү совет эпохасынын ар кырдуулугун сүрөттөгөн киночыгармаларды жаратууда

жаңы кадам болуп калган. Ал тасмалар көрүүчүлөрдүн жашоо тууралуу образдык ой тутумун калыптаган.

XX кылымдын 80-жылдардагы кыргыз киносу бүт өлкөдө болуп жаткан кайра куруу доорунун масштабдуу өзгөрүүлөрүнө төп келген. 90-жылдарда кыргыз көркөм (оюн) киносунда салттык тематиканын ордуна мелодрама, криминалдык детектив, турмуш триллери, новелла, хэппининг, «кара комедия» келген, кинонун жаңы сапаттары пайда болгон – матафоралуулук, татаал темпоритм, баяндоонун жыштыгы, ачык финал. Адабий кинодо Ч. Айтматовдун повестерин эмес, анын романдарын экрандаштыруу орун алган («Борондуу бекет» Б.Карагулов, «Ак Баранын көз жашы» Д.Садырбаев ), ошону менен бирге авторлор Айматовдун прозасында жок өздүк кинометафораларды түзүшкөн. Постсовет доорундагы тасмаларда жанрдык чектер жоюлуп, алардын ордуна контрпунктар пайда болгон. Кыргызстанда үчүнчү миң жылдыктын чегинде кыргыз кинематографы эки багытка бөлүнгөн: нон-комформисттик көз карандысыз бутак жана массалык , рынок коньюктурасына баш ийген коммерциялык бутак. Бүгүн кыргыз киносу, жетишкен ийгиликтерине таянып, мурунку жылдардын натыйжалуу тенденцияларын өнүктүрүп, өз жолу менен өнүгүп келе жатат. Азыркы учурда кыргыз кинематографиясы өзүнүн көркөм-идеялык канықкандыгы боюнча башка өлкөлөрдүн кинойскусстволорунан кем калышпайт. Бул ишеним кыргыз кинематографистерин кийинки өнүгүшүндө турмуш койгон маселелерди ийгиликтүү чечишине, жаңы көркөм-чагылдыруучу каражаттарды өздөштүрүүгө, драмалык, режиссердук, актердук, сүрөт чеберчиликтерин өстүрүүгө чакырат. Ошондуктан, кыргыз кинематографы улуттук киноискусствону азыркы мезгилдин маданий-тарыхый реалийлерин анализдөөдө жаңы көз караштьі, жаңы ой жүгүтүүнү жана мамилени талап кылат.



## Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары

1. Кыргыз кинематографы пайда болгондон баштап салттык улуттук көркөм маданиятынын жалпы системасында калыптанган;
2. Улуттук көркөм маданиятынын феномени катары кыргыз кинематографы кыргыз элинин тарыхынын актуализация процессин жана анын искусстводогу руханий баалуулуктарын чагылдырат;
3. Кыргыз кинематограф өзүнүн тарыхий өнүгүшүндө көрүнүктүү ийгиликтерге жеткен. XX кылымдын 60-70-жылдарында улуттук кинонун дүркүрөп өнүгүп өсүшү байкалат. Ал «кыргыз кереметн» же «алтымышынчы жылкылар эпохасы» феноменинде ишке ашкан. Кыргыз киносунун экинчи ирет гүлдөшү XX кылымдын 90-жылдарында пайда болгон «экинчи толкун» же « токсонунчу жылдыктар эпохасына» таандык.
4. Көркөм маданияттын системасындагы кыргыз улуттук кинотеориясынын өнүгүшү киноискусствого комплекстүү көз караштын кийинки өркүндөшүнө өбөлгө боло алат.
5. Кыргыз киносу башка искусствонун түрлөрү менен тыкыс байланышта өнүгүп келе жатат, өзгөчө адабият, музыка, сүрөт искусствосу менен. Синтез теориясынын жалпы талаасында болуу менен, кыргыз кинематографы өзүнө тиешелүү башка искусстволордун түрлөрү менен өз ара байланышы жана өз ара аракеттенүүсү чагылдыруунун улуттук спецификасына ээ.
6. Бүгүн кыргыз киносу өз көркөм мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, жаңы өндүрүш потенциалын ачып ар кандай стилдик жана жанрдык багыттарын өнүктүрүүдө. Кыргыз автордук жана коммерциялык кино дүйнөлүк аренаны багынтып, эл аралык кинофестивалдарга чыгууда, ошондой эле Кыргызстандын өзүндө жыл сайын «Кыргызстан-кыска метраждуу тасмалардын өлкөсү» атту Эл аралык фестиваль уюшулууда.

## Жарык көргөн эмгектердин тизмеси:


1. **Токоева Ж.Т.** Кыргызстан – страна короткометражных фильмов. [текст]/ Токоева Ж.Т. //Вестник Академии наук КР №2. – Бишкек, 2017. – С.109-112.

2. **Токоева Ж.Т.** «Вторая волна» развития кыргызского кинематографа. [Текст]/ Токоева Ж.Т.//Вестник Академии наук КР №2. – Бишкек, 2017. – С.106-109.

3. **Токоева Ж.Т.** Ауэзов и кыргызское кино[текст] / Токоева Ж.Т. //Сборник материалов IV международной научно-практической конференции «Фундаментальные и прикладные исследования: гипотезы, проблемы, результаты», - г.Новосибирск, Россия, 2018. – С.41-47.

4. **Токоева Ж.Т.** Чынгыз Айтматов и кыргызское кино (к 90-летию Ч.Айтматова).[Текст]/ Токоева Ж.Т. //Сборник материалов IV международной научно-практической конференци и «Фундаментальные и прикладные исследования: гипотезы, проблемы, результаты». – г.Новосибирск, Россия, 2018. – С.47-57.

5. **Токоева Ж.Т.** Кыргызское кино и традиционная музыка. [Текст]/ Токоева Ж.Т.//Международная научно-практическая конференция «Традиционная музыка в эпоху глобализации». – Бишкек, 2018. С.144-148.

6. **Токоева Ж.Т.** Вселенная Айтматова в кыргызском кино.[текст]/ Токоева Ж.Т. // «Айтматовские чтения – 2018». Международная научно-практическая конференция, посвященная 90-летию Ч.Айтматова. Бишкек, 6 декабря, 2018. Кыргызстан. – С.342-350.

7. **Токоева Ж.Т.** Идейно-нравственное воспитание молодежи средствами киноискусства.[Текст]/ Токоева Ж.Т. //Вестник Бишкекского гуманитарного университета, №1 (43). – Бишкек, 2018. – С.26-30.

8. **Токоева Ж.Т.** Взаимодействие кино с литературой (на материале кыргызского игрового кино).[Текст]/ Токоева Ж.Т.//Вестник Бишкекского гуманитарного университета, №3 (45). – Бишкек, 2018. – С.284-288.

9. **Токоева Ж.Т.** Перспективы развития нравственно-гуманистических традиций киноискусства.[текст]/ Токоева Ж.Т. //Вестник Академии наук КР №1, Бишкек, 2018. – С.114-118.





10. **Токоева Ж.Т.** «Авторское кино» в современцом кыргызском кино.[Текст]/ Токоева Ж.Т. // Наука и новые технологии. № 11. – Бишкек, 2019. – С.122-126. http://www.science-journal.kg/ru/j.,

11. **Токоева Ж.Т.** Новые тенденции в современном кыргызском кинематографе.[Текст]/ Токоева Ж.Т. // Культура и искусство, №11 . - Москва, - С. 9-16. https://nbpublish.com/camag/;

12. **Токоева Ж.Т.** Основные вопросы взаимосвязи кыргызского кино с музыкой.[Текст]/ Токоева Ж.Т. // Культура и искусство, №1. Москва, 2020. - С. 8-16 https://nbpublish.com/camag/.,

13. **Токоева Ж.Т.** Жанровое своеобразие современного кыргызского кино.[Текст]/ Токоева Ж.Т. // Вестник Бишкекского государственного университета, № 1(51), - Бишкек, 2020. – С.20-25.

14. **Токоева Ж.Т.** Взаимодействие кыргызского кино с казахской литературой(на примере творчества М. Ауэзова). Токоева Ж.Т. Наука и новые технологии, №. 12 –Бишкек, -С. 230-234. http://www.science-journal.kg/ru/j.,

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Токоевой Жумабубу Токтосуновны на тему «Кыргызский кинематограф как феномен художественной культуры», представленной на соискание ученой степени кандидата культурологии по специальности 24.00.01 – теория и история культуры.**

**Ключевые слова:** литературный образ, кинематографический образ, слово и изображение, выразительные и изобразительные средства, сценарий, кинодраматургия, киномузыка, операторская работа, монтаж, озвучивание, актеры, режиссеры, «новая волна», «вторая волна», «авторское кино», взаимодействия кино с другими искусствами.

**Объектом диссертационного исследования является** рассмотрение путей становления и развития кыргызского кинематографа(игрового кино) с середины 50 годов прошлого столетия до 2015 года, выявление его взаимодействия кино с литературой, музыкой и изобразительными искусствами.

**Предметом исследования являются** все кыргызские игровые фильмы, снятые на Национальной киностудии «Кыргызфильм» и на частных студиях, а также исследования по кинотеории.

**Цель диссертационной работы** заключается в том, чтобы дать целостный культуроведческий анализ кыргызскому кинематографу как феномену художественной культуры в контексте его взаимосвязи и взаимовлиянии с другими видами искусства, как литературой, музыкой и изобразительными искусствами.

**Научная новизна исследования** заключается в том, что впервые в отечественной науке объектом исследования становится культурологический анализ кыргызского кинематографа как феномена художественной культуры. Кроме того осуществляется сопоставительно-сравнительный анализ кыргызского киноискусства с литературой, музыкой и изобразительными искусствами с целью выявления сходств и различий, границ взаимосвязи и взаимодействия кыргызского кино с литературой, музыкой и изобразительными искусствами.

**Рекомендации по использованию:** Выводы, сделанные в данном исследовании, могут быть использованы не только в дальнейшей разработке ряда актуальных культурологических проблем развития кыргызского киноискусства, но и помочь в практической деятельности работников кыргызского кинематографа. Проделанный на основе кино Кыргызстана историко-художественный анализ может быть использован для системного изучения многовековой кыргызской культуры в ее историческом развитии, а также может послужить определенным подспорьем для выработки общей концепции эволюции художественной культуры Кыргызстана на современном этапе, возможных перспектив и прогнозов развития духовно-художественной жизни республики. Материал диссертации может быть использован по самому широкому спектру научно-учебной деятельности(лекции, семинарские занятия, методические разработки, теоретические конференции и т.д).



**Токоева Жумабубу Токтосуновна « Кыргыз кинематографы көрком маданиятынын феномени катары” темасындыгы 24.00.01 – маданияттын теориясы жана тарыхы боюнча культурология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** адабий образ, кинематографиялык образ, сөз жана сүрөттөө, сценарий, кинодраматургия, монтаж, оператордук иш, режиссер, актер, художник, киномузыка, үн кошуу, "жаны толкун", «кыргыз кереметн», «экинчи толкун»,"автордук кино", киноискусствонун башка искусстволор менен байланышы.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети:** Улуттук "Кыргызфильм" киностудиясында жана жеке киностудияларда тартылган көркөм тасмалар, ошондой эле кинотеория боюнча изилдөөлөр.

**Диссертациялык иштин максаты:** Кыргыз кинематографын көркөм маданиятында феномен катары культурологиялык анализ берүү жана анын башка искусстволор менен болгон байланыштарын изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** ата-мекендик илимде биринчи жолу изилдөө объектиси катары кыргыз кинематографы улуттук көркөм маданияттын феномени катары изилдениши жана анын көркөм адабият, музыка, живопись менен байланышын аныктап, искусстволордун окшоштуктарын жана айырмачылыктарын, алардын байланыш чек араларын аңдап билүү эсептелинет.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Изилдөө жыйынтыктары кыргыз киноискусствосунун өнүгүүсүндөгү кээ бир актуалдуу маданий тануу проблемаларын иштеп чыгууда жана кыргыз киносунун практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Кыргыз киносун изилдөөнүн негизинде жазалган тарыхый-көркөм анализ кылымдардан бери келе жаткан кыргыз маданиятынын тарыхый өнүгүшүн системалык изилдөөгө шарт түзөт, ошондой эле Кыргызстандын көркөм маданиятынын азыркы учурдагы жалпы эволюция концепциясын иштеп чыгууда, республиканын көркөм-руханий дуйнөсүнүн өнүгүшүн прогноздоодо(болжолдоодо) жана перспективаларын(келечегин) аныктоодо айрым бир шарттарда өзөк боло алат. Диссертациянын материалдарын эң эле кеңири илимий-окуу ишмердүүлүгүндө колдонсо болот(лекцияларда, семинардык сабактарда, методикалык усулдарда, илимий-теоретикалык конференцияларда). Ошондой эле кыргыз маданиятына жана искусствосуна кызыккан адамдар бул диссертациядан өзүнө керектүү материалдарды тапса болот.





## SUMMARY

**dissertations of Tokoeva Zhumabubu Toktosunovna on the topic "Kyrgyz cinema as a phenomenon artistic culture", submitted for the degree of candidate of cultural studies in the specialty 24.00.01-theory and history of culture.**

**Keywords:** cinematographic image, Director, actor, image, script, cinematography, editing, voice-over, "new wave", "second wave", "author's cinema", literary image, film drama, film music, composer, artist, interaction of arts.

**The object** of the research is the phenomenon of Kyrgyz cinema. **The subject** of the research is the cultural and art history problems of Russian cinema against the background of world cinema.

**The purpose** of the dissertation is a cultural study of Kyrgyz cinema as a phenomenon of national artistic culture in the context of its interrelation and mutual influence with other types of arts, such as literature, music and fine arts.

**The theoretical** and **practical** significance of the research consists in a systematic cultural study of Kyrgyz cinematography as a phenomenon of national artistic culture in the context of world cinematographic processes, its scientific generalization and entry into other artistic phenomena as a synthesis of arts. The dissertation material can be used for lectures and special courses on the history of culture and art, in particular cinema, in higher educational institutions of the Kyrgyz REPUBLIC and CIS countries, especially in the Central Asian region.

**Scientific novelty of the research.** The dissertation is the first cultural research on the problem of Kyrgyz cinema in the context of national artistic culture. The choice of such a perspective of the problem of the place and role of Kyrgyz cinema in the system of national cultural values is determined by the fact that it is for the first time:

- an attempt is made to study cinema in an integral system of artistic culture, which allows us to solve the issue of an integrated approach to cinema;
- a retrospective historical assessment of Kyrgyz cinema by the periods of its formation is given;
- emphasis is placed on the world cinematographic process from the point of view of its scientific and theoretical understanding;
- summarizes the experience of creative searches of masters of Kyrgyz cinema in the modern film process;
- a specialized cultural study of the problem of interrelation and interaction of Kyrgyz cinema with other types of arts, such as literature, music, and fine arts, is given.

**Application.** The conclusions of the dissertation can be used in the further development of a number of topical cultural problems in the development of Kyrgyz cinema, as well as help in the practical activities of Kyrgyz cinema workers. Materials, theoretical and methodological principles of the dissertation can be used for a wide range of scientific and educational activities (lectures, seminars, methodological developments, theoretical conferences, etc.).

Компьютерная верстка: Самат уулу Нурсултан
Бумага офсет. Формат 60*84 1/32
Объем 1 п.л. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии "Университет" КНУ им. Ж.Баласагына
г. Бишкек, просп. Манаса, 101
тел.: +996 (312) 32 31 75; 32 31 91